**КАТЫШУУГА ЧАКЫРУУ**

«Керемет Банк» ААКнын муктаждыктары үчүн котормо иштери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын алкагында

Күнү: **«____»** ___________________

**Кимге: «Керемет Банк» ААК**

---

1. «Керемет Банк» ААК өз муктаждыктары үчүн котормочулук кызматтарын сатып алууга кызыкдар экендигин билдирет.
2. Бааларды суроо-талапка катышуу үчүн кыргыз же орус тилдеринде коммерциялык сунуш берүүңүз зарыл, сунуш көрсөтүлүп келе жаткан котормочулук кызматтардын тиешелүү сертификаты, котормо наркы жана мөөнөттөрү менен коштолууга тийиш.
3. Кайрылуу форматын төмөнкү дарек боюнча колмо-кол же электрондук почта аркылуу тапшырууга болот:

«Керемет Банк» ААКнын административдик бөлүмү
Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары, Тоголок Молдо көч, 40/4, № 209 каб.
АБнын сатып алуулар секторунун башччысы
Бейшеналиев С.К.
Тел: (312) 313173 д/н 2080
Электрондук почта
tender@keremetbank.kg

4. Баа KGS\USD валютасында көрсөтүлүүсү зарыл, төмөнкүлөрдү эске алуу менен:
• Банк кеңсесине чейин ташып жеткирүүнү,
• Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган бардык салыктарды жана жыйымдарды, ал кеминде 30 күн жарактуу болууга тийиш. Баа боюнча сунуштарды **жергиликтүү убакыт боюнча 2022-жылдын «__17___» апрелинде саат 13.00дөн** кечиктирбей жөнөтүү зарыл. Катышуучулардын көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечигип калган табыштамалары каралбайт.

5. **Сатуулардын соңку баасы шартсыз көрсөтүлүүсү керек,** техникалык спецификациялардын бардык талаптарына жооп берген жана эң төмөнкү бааны көрсөткөн катышуучуга артыкчылык берилет.

6. Бул өңдүү камсыздоолор менен иш алып баруу боюнча кеминде 1 жылдык тажрыйбасы тууралуу маалымат берүү (кат, камсыздоо суммасы көрсөтүлгөн келишимдин тизмеси жана Заказчылардын байланыш номурлары). (мүмкүн болсо)

*Коммерциялык сунуштарды караштыруунун жыйынтыгында Сатып алуу иштеринин катышуучуларынын табыштамаларында көрсөтүлгөн ташып жеткирүү мөөнөтү,*

*ошондой эле төлөм шарттары өзгөртүлбөйт жана бааларды көтөрүү сунуштары каралбайт. Камсыздоо шарттары талапка ылайык келбесе же сатып алуулардын Жеңүүчүсү шарттарга макул болбосо, Камсыздоо келишимин түзүү учурунда аталган Камсыздоочу Банк камсыздоочуларынын Кара тизмесине киргизилет.*

**Котормочулук кызматтар боюнча техникалык тапшырмалар**

**Күнү:** «____» ___________________

**«Керемет Банк» ААКга**

Банктагы документтердин өзгөчөлүгү менен англис, кыргыз тилдерине кат жүзүндө которуу;

1. Документтерди легалдаштыруу, апостиль коюу, нотариалдык жактан күбөлөндүрүү;
2. Жеңилдиктерди берүү, шашылыш кызматтар үчүн мүмкүн болгон кошумча төлөмдөр;
3. Котормочулук кызматтар рыногундагы көп жылдык иш тажрыйбасы;
4. Купуялуулукту сактоо.
5. Өз ара дооматтар жок учурда кийинки мөөнөткө автоматтык түрдө узартуу менен келишим түзүү.